| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА** |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ** | **ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН** |
| **БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXIX -чакырылышынын II-кезексиз сессиясынын ТОКТОМУ

2024-жылдын 10-декабры **№15** Барскоон айылы

## Барскоон айыл аймагындагы кварталдык жана конуштук комитеттер жөнүндө ЖОБОсун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык, кварталдык жана конуштук комитеттер (мындан ары – комитеттер) өзүн-өзү башкаруунун аймактык коомдук формасы болуп саналат жана алардын ишмердүүлүгү жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча чечүүгө жана жеке демилгелери менен жоопкерчиликти алуу менен ишке ашыруу максатында Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагындагы кварталдык жана конуштук комитеттер жөнүндө ЖОБОсу№ 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Токтомдун аткарылышы боюнча ЖОБОдо көрсөтүлгөн ар бир пункту боюнча иш алып баруу жагы айыл башчыларга тапшырылсын.
3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы төраганын орун басары М.Мамбеталиевага тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска

Барскоон жергиликтүү кеңешинин
2024-жылдын 10-декабрындагы
№15 токтому менен бекитилди

# БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНДАГЫ КВАРТАЛДЫК ЖАНА КОНУШТУК КОМИТЕТТЕР ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Бул жобо Барскоон айыл аймагында уюшулган кварталдык жана конуштук комитеттердин ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамынын негизинде жөнгө салат.

1.2. Кварталдык жана конуштук комитеттер (мындан ары – комитеттер) өзүн-өзү башкаруунун аймактык коомдук формасы болуп саналат жана алардын ишмердүүлүгү жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча чечүүгө жана жеке демилгелери менен жоопкерчиликти алуу менен ишке ашырууга багытталган.

1.3. Комитеттер Барскоон айыл аймагынын калктуу конуштары менен айылдарында уюштурулат.

1.4. Комитеттердин аймактык чек аралары менен ишмердүүлүк функциясы Айыл өкмөттүн жана жергиликтүү тургундардын сунушун эске алуу менен Барскоон жергиликтүү кеңеши тарабынан аныкталат жана бекитилет.

1.5. Комитеттер ошол аймактын жашоочулары тарабынан шайлоонун негизинде түзүлөт.

1.6. Комитеттер Барскоон жергиликтүү кеңештен милдеттүү түрдө каттоодон өткөндөн кийин гана комитет макамына ээ болот. Комитеттер түзүү тууралуу чечим чыккандан кийин 10 күн аралыгында каттоого туруу боюнча тиешелүү документтерди тапшырат. Комитеттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте юридикалык макамга ээ боло алышат жана келишимдик негизде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген ыйгарым укуктарды ишке ашырууга, функцияларды аткарууга укуктуу.

1.7. Комитеттер аларды шайлаган жергиликтүү тургундардын жыйындарына, Барскоон жергиликтүү кеңешине жана Барскоон айыл өкмөт башчысы менен айыл башчыларына баш ийет жана отчет берет.

## 2. КВАРТАЛДЫК ЖАНА КОНУШТУК КОМИТЕТТЕРДИН ШАЙЛООЛОРУН УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ

2.1. Комитеттердин шайлоолору ошол кварталдарда же конушта каттоодо турган, жашаган тургундардын жалпы жыйынында өткөрүлөт.

2.2. Жалпы жыйындарды жашоочулар жергиликтүү депутаттар жана айыл башчы менен биргеликте Барскоон жергиликтүү кеңеши менен макулдашуу аркылуу уюштурат.

2.3. Жалпы жыйындын ишине төмөнкүлөр катышууга укуктуу:

- Аталган аймакта жашаган жана каттоосу бар жашы 18ге чыккан тургундар;

- Барскоон жергиликтүү кеңешинин депутаттары, Айыл өкмөт өкүлдөрү жана айыл башчысы кеңеш берүүчү добуш укугу менен катыша алышат.

2.4. Жалпы жыйын кварталдын же конуштун 35% кем эмес кожолуктары катышкан учурда жарактуу болуп эсептелет.

2.5. Комитетке мүчө болуу үчүн талапкер жыйынга катышкан тургундардын 50% кем эмес добушун алышы керек. Комитет мүчөлөрү 2 жылдык мөөнөт менен шайланышат.

2.6. Комитеттин курамы үч адамдан кем болбошу керек. Комитет курамынын сандык көрсөткүчү жалпы жыйында аныкталат жана аймактын калкынын жана кожолуктардын санына карата көбөйүшү мүмкүн. Комитеттердин сандык курамы 7 ден ашпоого тийиш жана так эмес санда болушу керек.

2.7. Комитет төрагасы болуп Кыргыз Республикасынын жараны, аталган кварталда же конушта каттоодо туруп, жашаган, 18 жаштан жогору, жалпы орто билими бар, соттолбогон, же соттолгондугу мыйзам чегинде жокко чыгарылган жаран шайлана алат.

2.8. Шайланган комитет жалпы жыйындан соң өзүнүн биринчи уюштуруу отурумун өткөрүп, Комитет төрагасын, анын орун басарын жана жумушчу топторду шайлайт.

2.9. Комитет төрагасы, анын орун басары ачык добуш берүү менен шайланат жана отурумга катышкандардын көпчүлүк добушун алгандар шайланды деп эсептелет. Төраганы шайлоо отурумуна Жергиликтүү кеңештин, Айыл өкмөттүн өкүлдөрү кеңеш берүү добуш укугу менен катыша алышат.

2.10. Жаңы комитеттерди уюштуруу тиешелүү аймактын жашоочулары тарабынан 2.2. пунктунун негизинде ишке ашырылат.

2.11. Жаңы комитеттерди уюштуруу жыйындары, жетекчилерди шайлоо ачык айкын өткөрүлөт.

## 3. КВАРТАЛДЫК ЖАНА КОНУШТУК КОМИТЕТТЕРДИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ ЖАНА ФУНКЦИЯЛАРЫ

**3.1. Комитет төмөнкүдөй ыйгарым укуктарга ээ:**

- аталган аймакта жашаган тургундардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктарын мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, сотто жана башка мамлекеттик же мамлекеттик эмес мекемелерде тааныштыруу жана коргоо;
- өзүнүн аймагын өнүктүрүү пландары менен программаларын иштеп чыгууга катышууга, тиешелүү органдардын же кызмат адамдарынын кароосуна сунуш берүүгө;
- социалдык тармактардагы объектилерди кабыл алууга катышууга;
- бекитилген аймакта көрктөндүрүү, оңдоо жана тазалык иштерин уюштурууга;
- Барскоон жергиликтүү кеңешинин жана Айыл өкмөтүнүн чечимдерин ишке ашырууга көмөктөшүүгө;
- жергиликтүү жамааттын жыйындарынын чечимдерин аткарууну ишке ашырууга;
- курулуш эрежелеринин сакталышына, турак жайларды колдонуу, турак үйлөрдү жана анын айланасындагы жерди пайдалануу, өрт коопсуздугу жана санитардык нормалардын сакталышына, жер, суу сыяктуу

жаратылыш байлыктарынын туура пайдаланылышына, тарыхый жана маданий эстеликтердин сакталышына коомдук көзөмөл жүргүзөт жана тиешелүү органдарга орун алган кемчиликтерди жоюу боюнча сунуш берет;

- бекитилген аймакта санитардык, эпидемиологиялык, экологиялык жана өрт коопсуздук чараларын көзөмөлдөө, уюштуруу боюнча тиешелүү органдар менен иш алып барат;
- укук коргоо органдарына коомдук тартипти сактоого көмөктөшөт;
- айыл өкмөт кызматкерлери менен биргеликте социалдык коргоого муктаж жарандардын тизмесин тактайт, аларга жардам берүү багытында сунуш киргизет;
- аксакалдар кеңеши, аялдар жана жаштар комитеттери менен биргеликте программаларды ишке ашырат, бул иштерди аткарууда аймакта демилгелүү топторду уюштуруп иш алып барат;
- коомдук турмуштун түрдүү маселелери боюнча демилге көтөрөт, мамлекеттик бийлик органдары менен өз алдынча башкаруу органдарына сунуш киргизет;
- тургундарга Кыргыз Республикасында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кабыл алынган укуктук-ченемдик актылар жөнүндө маалымат берет жана алардын аткарылышын аймакта аткарылышына көмөк көрсөтөт;
- Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу тураалуу мыйзам актыларында көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарын ишке ашырат.

3.2. Комитеттер Барскоон аймактык өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген функцияларды жана ыйгарым укуктарды келишимдик негизде ишке ашырат.

**3.3. Комитеттин төрагасы:**

- комитеттин ишин уюштурат жана алып барат;
- комитетти жергиликтүү бийлик органдарында, менчиктин түрүнө карабай бардык мекеме-уюмдарда тааныштырат;
- кварталдык же конуштук аймакта Барскоон айыл аймагынын бийлик органдарынын, өздөрү кабыл алган чечимдердин тургундар тарабынан аткарылышын уюштурат;
- Барскоон Айыл өкмөтү менен мыйзамдарда көрсөтүлгөн ыйгарым укуктар менен функцияларды ишке ашыруу боюнча келишимдерге кол койот;
- жылына эки ирээт кварталдын жашоочуларына, жергиликтүү кеңешке аткарылган аткарылган иштер, келечек пландары боюнча отчет берет.

3.4. Комитеттер тиешелүү аймакта жашоочулардын кызыкчылыктары боюнча маселелерди чечүүдө ыйгарым укуктарынан ашыкча аракеттерге жол беришсе, Барскоон жергиликтүү кеңеши жана Айыл өкмөтү тарабынан жазуу түрүндө эскертүү берилиши мүмкүн.

## 4. КВАРТАЛДЫК ЖАНА КОНУШТУК КОМИТЕТТЕРДИН ЖАНА АЛАРДЫН ТӨРАГАЛАРЫНЫН ШАЙЛООСУН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА УЮШТУРУУ

4.1. Комитеттердин жана алардын төрагаларын мөөнөтүнөн мурда шайлоо төмөнкү учурларда өткөрүлөт:

- Комитеттин курамынан мүчөлөрдүн жарымынан көбү чыгып кеткен учурда;

- Кварталдагы же конуштагы жашаган 35% кем эмес тургундардын демилгеси же Барскоон жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын, Айыл өкмөттүн сунушу менен.

4.2. Комитет төрагасы Комитет тарабынан төмөнкү учурларда кайра шайланат:

- өз милдеттерин толук кандуу аткарбай койгондо;
- аймактагы 35% кем эмес жашоочулар же Комитет мүчөлөрү, Барскоон жергиликтүү кеңеши же Айыл өкмөтү ишеним көрсөтпөгөн учурда;
- ден соолугуна байланыштуу же жеке арызынын негизинде.

4.3. Комитет төрагасын кайра шайлоо аракеттеги комитет мүчөлөрүнүн ичинен талапкерди көрсөтүү менен ишке ашырылат. Мөөнөтү бүтө электе сырттан башка талапкерди алып келүүгө жол берилбейт.

## 5. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ БӨЛҮК

5.1. Шайлоонун жыйынтыгы боюнча жалпы жыйындын жана уюштуруу отурумунун протоколдорунун көчүрмөсү Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Айыл өкмөткө берилет, алар өз кезегинде түзүлгөн комитетти жана анын курамын каттоого алат.

5.2. Бул Жобого толуктоо жана өзгөртүү Барскоон жергиликтүү кеңешинин депутаттары, Айыл өкмөт тарабынан сунуштардын негизинде жүргүзүлөт жана Барскоон жергиликтүү кеңешинин сессиясы бекиткен учурдан тартып күчүнө кирет.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы: Ажыбеков Ч.А.